**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 4- отуруму (сессиясы)**

# ТОКТОМ № 4-1

**22.08.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“Н.Исанов атындагы айыл аймагына караштуу Түлкү-Дөбө бөлүмүндөгү №26 контурундагы “Ноокат алмасы” айыл чарба багбанчылык кооперативи ишке ашырып жаткан мөмө-жемиштерди сактоо калибровкалоо, сорттоо жана кайра иштетүү боюнча долбоорунун алкагында айыл чарба азыктарын кайра иштетүүчү цех куруу үчүн тиешелүү 0,19 га жер аянтына жерди “ Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө ”**

Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Байыш айылынын тургуну Р. А. Маматовдун 2023-жылдын 10-августундагы “Н.Исанов атындагы айыл аймагына караштуу Түлкү-Дөбө бөлүмүндөгү №26 контурундагы “Ноокат алмасы” айыл чарба багбанчылык кооперативи ишке ашырып жаткан мөмө-жемиштерди сактоо калибровкалоо, сорттоо жана кайра иштетүү боюнча долбоорунун алкагында айыл чарба азыктарын кайра иштетүүчү цех куруу үчүн тиешелүү 0,19 га жер аянтына жерди “ Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “ Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоого**)** тууралуу арызына негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “КЫРГЫЗМАМЖЕРДОЛБООР” институтунун Ош облустук жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын 2023-жылдын 31-майындагы №М-458 корутундусуна, Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын комиссиясынын 2023-жылдын 5-июлдагы корутундусуна, Айылдык кеңештин «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын» протоколуна карап, Кыргыз Республикасынын “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” 2013-жылдын 15-июлундагы №145 Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү Жобого ылайык макулдук берилсин.
2. Тиешелүү мекемелерден юридикалык иш кагаздарын даярдап берүү жагы Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнө сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУНУН
НООКАТ РАЙОНУ

Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ
Н.ИСАНОВА

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын
кезектеги 4- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 4-2**

**22.08.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылында жайгашкан “Кожоке” мечитине тиешелүү болгон 2962,0 ч.м жер тилкесинен 1500,0 ч.м жер тилкесин “медресе” багытына өзгөртүү жөнүндө”**

“Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылында жайгашкан “Кожоке” мечитине тиешелүү болгон 2962,0 ч.м жер тилкесинен 1500,0 ч.м жер тилкесин Ноокат районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2023-жылдын 18-августундагы №201 корутундусуна, Ноокат район аралык ооруларды алдын-алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун 2023-жылдын 18-августундагы №014-1-281 корутундусуна жана элдик жыйындын 2023-жылдын 19-июлундагы №1 протоколуна негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылында жайгашкан “Кожоке” мечитине тиешелүү болгон 2962,0 ч.м жер тилкесинен 1500,0 ч.м жер тилкесин Ноокат районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2023-жылдын 18-августундагы №201 корутундусуна, Ноокат район аралык ооруларды алдын-алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун 2023-жылдын 18-августундагы №014-1-281 корутундусуна жана элдик жыйындын 2023-жылдын 19-июлундагы №1 протоколуна негиз, “медресе” багытына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Кожоке айылында жайгашкан “Кожоке” мечитине тиешелүү болгон 2962,0 ч.м жер тилкесинен 1500,0 ч.м жер тилкеси “медресе” багытына өзгөртүлүп, “Орозалиева Бусалима” атындагы медресе деп аталсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУНУН**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br><br>**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**<br>**Н.ИСАНОВА** |

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 4-отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 4-3**

**22.08.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**"Н. Исанов атындагы айыл аймагына караштуу Кожоке орто мектебинин аймагына Кожоке баатырдын эстелигин орнотууга макулдук берүү " жөнүндө**

Н.Исанов атындагы айыл аймагына караштуу Кожоке айылынын жалпы элдик чогулушунун 2023-жылдын 21-август № 1 протоколунун негизинде, Кожоке орто мектебинин аймагына **Кожоке** баатырдын эстелигин орнотууга макулдук берүү боюнча Кожоке айылынын тургундарынын арызын карап чыгып, депутаттардын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, жер Кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылындагы Кожоке атындагы орто мектебине Кожоке баатырдын эстелигин орнотууга макулдук берилсин.
2. Кожоке атындагы орто мектебинин аймагынан жер тилкесин тактап, көрсөтүп, тийиштүү мекемелерден иш кагаздарын мыйзам чегинде даярдап, ажыратып берүү жагы Н. Исанов айыл өкмөтүнө сунушталсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин айыл чарба жана жерге жайгаштыруу,экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 4- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 4-4**

**22.08.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**«Н.Исанов атындагы айыл аймагынын Жаңы-Базар, Кожоке айылдарындагы көчөнүн атын өзгөртүү жана аты жок көчөлөргө ат коюу жөнүндө»**

Жаңы-Базар айылындагы аты жок 3 көчөгө С.Паизов, Ш.Осмоналиев, М.Исабаевдердин атын коюу боюнча, Кожоке айылындагы Жаштар көчөсүнүн атын Сулайманов Асандын атына өзгөртүү жөнүндө депутаттар Н.Ташбаев , Г.Абдиеванын билдирүүлөрүнө жана айыл тургундарынын кайрылууларына негиз, Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айыл аймагынын Жаңы-Базар айылындагы Н. Исанов көчөсүнүн Алике айылынын тургундарынын үлүш жери бүткөндөн кийин, түндүк тарабындагы биринчи көчө Мамбеттин үйүнөн Жунусов Уландын үйүнө чейин С. Паизовдун атына, андан кийинки экинчи көчө Ажимуратов Амалдын үйүнөн Тажиев Жамшиттин үйүнө чейин Ш. Осмоналиевдин атына үчүнчү көчө Тажиев Жамшиттин үйүнөн Исабаев Абдикеримдин үйүнө чейин М. Исабаев атына коюу жөнүндө депутат Н.Ташбаев билдирүүсү, Кожоке айылынын Жаштар көчөсүн Исаев Таштанбектин үйүнөн Калмурзаев Өсөрбайдын үйүнө чейин Сулайманов Асандын атына өзгөртүп атын коюу жөнүндө, депутат Г.Абдиеванын билдирүүсү жана айыл тургундарынын кайрылуулары канаатандырылсын.

**2.** Жаңы-Базар айылындагы аты жок үч көчөсүнө М.Исабаев, С.Паизов, Ш.Осмоналиевдердин аты жана Кожоке айылынын Жаштар көчөсүн атын өзгөртүп Сулайманов Асандын аты ыйгарылсын. Кадастр мамлекеттик мекемесинин Ноокат филиалынан тийиштүү иш кагаздарын даярдоо айыл өкмөтүнүн Жер боюнча башкы адиси М.Маликовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы депутаттардын Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин айыл» чарба жана жерге жайгаштыруу,экология боюнча» туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 4- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 4-5**

**22.08. 2023** **Жаңы-Базар айылы**

**«Н.Исанов атындагы айыл аймагынын Чеч-Дөбө айылынын тургуну Р. Карабаевге «Ардактуу атуул» намын ыйгаруу жөнүндө»**

Н. Исанов атындагы айыл аймагынын Чеч-Дөбө айылынын тургуну, көп жылдык мамлекеттик кызматтын ардагери Р. Карабаевге Ноокат районунун «Ардактуу атуулу» намын ыйгаруу жөнүндө айыл башчы С. Рахмановдун билдирүүсүнө негиз, Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н. Исанов атындагы айыл аймагынын Чеч-Дөбө айылынын тургуну, көп жылдык мамлекеттик кызматтын ээси, Р. Карабаевдин көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана элге сиңген кадыр-баркын эске алып, Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы №157 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө” мыйзамына негиз, Ноокат районунун «Ардактуу атуулу» намын ыйгарууга макулдук берилсин.
2. Ноокат районунун «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу үчүн керектүү документтерди даярдап, Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясына сунуштоо жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы депутаттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин социалдык –маданий, билим берүү, миграция, туризм,жаштар жана саламаттыкты сактоо боюнча боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А. Эргешовага жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**

**кезектеги 4- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 4-6**

**22.08. 2023** **Жаңы-Базар айылы**

**«Күңгөй-Кожоке айылынын төш участкасындагы таза суу кампасы жайгашкан 0,30га жерин мыйзамдаштыруу жөнүндө»**

Н.Исанов айыл өкмөтүнө караштуу Күңгөй-Кожоке айылынын төш участкасына союз убагында курулган суу кампасы жайгашкан 0,30га жердин тийиштүү иш кагаздары буга чейин даярдалбагандыгына байланыштуу депутат М.Кудайбердиев билдирүүсүнө, Н.Исанов айыл өкмөтүнүн 21.08.2023-жыл №01-19/856 сандуу катына негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп жана талкуулап, айылдык кеңеш

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Н.Исанов айыл өкмөтүнө караштуу Күңгөй-Кожоке айылынын төш участкасына союз убагында курулган суу кампасы жайгашкан 0,30га жерди жайыт категориясынан тийиштүү категорияга өзгөртүлүүсүнө макулдук берилсин. Жер тилкесинин максаттуу багытын өзгөртүү боюнча Ноокат райондук жер комиссиясына сунушталсын.

2. Жер тилкеси максаттуу багыты өзгөртүлгөн соң, муниципиалдык менчике алынып, тийиштүү юридикалык иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына, жер боюнча башкы адиске милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин айыл чарба жана жерге жайгаштыруу туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Ташиевга жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

# ТОКТОМ № 5-1

**3.10. 2023-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**“ Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетин жана 2024-2025-жылдарга бюджетинин болжолун бекитүү жөнүндөгү токтомго өзгүртүү киргизүү жөнүндө”**

Айыл өкмөтү 2023-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгүнө 9 ай ичинде лицензия салыгына 2189,0 миң сом, киреше салыгына 450,0 миң сом жана кыймылсыз мүлк салыгына 30,0 миң сом пландан ашыкча түшкөн акча каражаттарын жана жер салыгына республикалык бюджеттен келген 750,0 миң сом компенсацияны тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда депутаттардын Н.Исанов атындагы айлдык кеңешинин « Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк » боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, иштелип чыгылгандыктан. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115- беренелеринин негизинде депутаттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши карап чыгып

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023- жылдын бюджетинин киреше бөлүгүнө 9 ай ичинде пландан ашыкча аткарылган жана жер салыгына республикалык бюджеттен компенсацияга келген 3419,0 миң сом акча каражатын № 1 тиркеменин негизинде планга киргизилип, чыгымдоого макулдук берилсин.

2. Жогорудагы бөлүнгөн 3419,0 миң сом акча каражатын планга киргизип иштетүү жагы айыл өкмөттүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы депуттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин « экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Н. Жолдошов**.

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин
8-чакырылышынын кезектеги 5-отурумунун
№ 5-1- токтомуна № 1 тиркеме

**2023-жылдын бюджетине 9 айында кошумча түшкөн акча каражатын планга киргизүү боюнча**

| № | Элемент | Кирешенин аталыштары | 9 айда кошумча түшкөн сумма |
|---|---|---|---|
| 1 | 11111100 | Киреше салыгы | 450,0 |
| 2 | 11311200 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 30,0 |
| 3 | 11321200 | Жер салыгы | 750,0 |
| 4 | 14151200 | Лицензия салыгы | 2669,0 |
| | | **Жалпысы** | **3419,0** |

**Чыгымдоо боюнча**

| № | Бөлүм | Жумуштун аталышы | Берене | Бөлүнгөн сумма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 70491 | Жолдогу камералардын интернет акысына | 2212 | 69,6 |
| 2 | 70491 | Кожоке айылынын ички жолдорун оңдоого өздүк салымга | 2221 | 105,0 |
| 3 | 70491 | Федоров айылындагы социалдык обьекти оңдоого | 2221 | 105,0 |
| 4 | 70629 | Өрт өчүрүүчүлөргө имарат курууга | 3111 | 2500,0 |
| 5 | 70629 | Чеч-Дөбө айылынын ички арыгына лоток алууга | 3111 | 105,0 |
| 6 | 70911 | Бала бакчаларга акылдуу счетчик алууга | 3112 | 35,4 |
| 7 | 70921 | Байыш орто мектебинин жылытуу системасын оңдоого | 3111 | 229,0 |
| 8 | 70921 | К.Кожолдошов атындагы орто мектебине трансформатор алууга | 3112 | 270,0 |
| | | **Жалпысы** | | **3419,0** |

**Жооптуу катчы:** **М. Маматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 5-2**

**3.10. 2023-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**" Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетин жана 2024-2025-жылдарга бюджетинин болжолун бекитүү жөнүндөгү токтомго өзгүртүү киргизүү жөнүндө"**

Айыл өкмөтү 2023-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгүнө 9 ай ичинде үнөмдөлгөн акча каражаттарын кайра иштетүү боюнча тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда депутаттардын Н.Исанов атындагы айлдык кеңешинин « Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк » боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, иштелип чыгылгандыктан. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115- беренелеринин негизинде депутаттардын Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши карап чыгып

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023- жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнө 9 ай ичинде мамлекеттик сатып алуу конкурсунан үнөмдөлгөн акча каражаттарын № 1 тиркемеге негиз чыгымдоого макулдук берилсин.

2. № 1 тиркеменин негизинде үнөмдөлгөн акча каражаттарын жылдырып иштетүү жагы айыл өкмөттүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы депуттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин « экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Н. Жолдошов**.

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин
8-чакырылышынын кезектеги 5-отурумунун
№ 5-2- токтомуна № 1 тиркеме

**2023-жылдын бюджетине 9 айында үнөмдөлгөн жана иштелбей калган акча каражатын жылдыруу боюнча**

| **№** | **Бөлүм** | **Жумуштун аталышы** | **Берене** | **Бөлүнгөн сумма** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 70111 | Айыл чарба техникасын алууга | 3112 | -650,0 |
| 2 | 70111 | Айыл өкмөтүнө эмерек жана жабдууларды ааууга | 3112 | 650,0 |
| 3 | 70629 | Кожоке айылына асфальт төшөө | 3111 | -176,5 |
| 4 | 70629 | Кожоке айылынын М.Маматкулов жана Жаштар көчөсүнө мамыча алууга | 3111 | 176,5 |
| 5 | 70629 | Жар-Коргон айылына асфальт төшөө | 3111 | -246,4 |
| 6 | 70629 | Жар-Коргон айылынын О. Кулушов жана Р. Кыдыров көчөлөрүнө мамыча, чубалгыга | 3111 | 246,4 |
| 7 | 70825 | Н. Исановдун 80-жылдык маарексинен | 2215 | -25,0 |
| 8 | 70825 | Китепканалардын облустук семинарына | 2215 | 25,0 |
| 7 | 70911 | Бала бакчаларды жылдык ондоосунан | 2221 | -33,6 |
| 8 | 70911 | Алтын-Казык балдар бакчасына | 2221 | 33,6 |
| 9 | 70921 | Мектептерге компьютерлерди орнотууга керектелүүчү материалдарды алуу | 3112 | -47,1 |
| 10 | 70921 | К. Жолдошов атындагы орто мектебинин жарыктандыруусунан | 3112 | -44,5 |
| 11 | 70921 | Мектептерге движок алууга | 3112 | 91,6 |
| | | **Жалпысы** | | **0** |

**Жооптуу катчы:** **М. Маматов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУНУН
НООКАТ РАЙОНУ

Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ
Н.ИСАНОВА

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 5-3**

**03.10.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“Элдик курултайдын делегаттарын шайлоону өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 “Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгынын 5-пунктуна негиз, Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону өткөрүүнү уюштуруу боюнча жумушчу топ түзүү тууралуу Н. Атаканованын билдирүүсүнө негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 “Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгы аткарууга алынсын.
2. Жогорудагы иш-аракеттерди жеткиликтүү камсыздоо максатында Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүндө Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону өткөрүүнү уюштуруу боюнча жумушчу топ №1 тиркемедегидей түзүлсүн. Тизме тиркелет.
3. Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү боюнча тиешелүү аймакты бөлүктөргө бөлүп, уюштуруу комитеттери 2023-жылдын 6-сентябрындагы № 2 тиркеме менен бекитилген чачымга ылайык бөлүштүрүлсүн.
4. Уюштуруу комитеттеринин календардык иш планына ылайык өкүл санын аныктоо №3 тиркемедегидей түзүлүп, иш алып барылсын.
5. Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүүдө уюштуруп берүү жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин, айылдардагы жарандарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «Мыйзамдуулук, укук, депутаттык этика, коомдук тартип боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 5-отурумунун (сессиясы) 3-октябрындагы №5-3 токтомуна №1 тиркеме**

**Биринчи Элдк Курултайды өткөрүүдө иш аракеттерди алып баруу үчүн түзүлгөн жумушчу топ курамы**

1. Жолдошов Н. – Н.Исанов атындагы айыл кеңешинин трагасы, комиссиянын төрагасы;
2.Н. Атаканова - Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн катчысы, комиссиянын катчысы;
3.А. Кармышаков -Аксакалдар сотунун төрагасы, комиссиянын мүчөсү;
4.А. Жолдошов - Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысынын о/б,, комиссиянын мүчөсү;
5. Боронова Ж-К-Кожоке айылынын депутаты, комиссиянын мүчөсү;
6. Жаанбаева М-Ж-Коргон депутаты, мүчө,
7. Абдиева Г-Кожокенин депутаты, мүчө;
8.А. Эргешова-Ч-Дөбө депутаты, мүчө
9. Абдырахманов У. – Кожоке айылынын айыл башчысы, комиссиянын мүчөсү;
10. Рахманов С. - Чеч-Дөбө айылынын айыл башчысы, комиссиянын мүчөсү;
11. Каленов К. – Күнгөй-Кожоке айылынын айыл башчысы, комиссиянын мүчөсү;
12. Мөнөков М. –Жар-Коргон айылынын айыл башчысы, комиссиянын мүчөсү;
13.Н. Ташбаев-Жаңы-Базар айылынын депутаты, комиссиянын мүчөсү;
14. М. Маматов-Айылдык кеңештин ж/катчысы, мүчө;
15.Токторбаев А-Байыш айылынын айыл башчысы, мүчө;

**Жооптуу катчы** **М. Маматов**

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 5-отурумунун (сессиясы) 3-октябрындагы №5-3 токтомуна №2 тиркеме**

**Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын курултайынын УШК ларда өтүүсүнүн графиги**

| К№ | Айылдардын аталыштары | Мөөнөтү | Жооптуулар | Өтүлүүчү орду |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кожоке | 18.10.2023 | Г. Абдиева Р. Абдисамидин уулу<br>У. Сүйүнбаев | Кожоке мектеби |
| 2. | Күңгөй-Кожоке<br>Карабаш | 20.10.2023 | Э. Осонов<br>Ж. Боронова<br>Б. Раимбердиева | А-Казык мектеби |
| 3. | Чеч-Дөбө | 17.10.2023 | Ж. Нурмаматов<br>А. Эргешова<br>А. Жолдошова | А.Осмонов мектеби |
| 4 | Жар-Коргон | 24.10.2023 | О. Темиркул уулу<br>М. Жаанбаева<br>Г. Асаева | К.Жолдошов мектеби |
| 5 | Кичик-Алай | 21.10.2023 | М.Насиров | К-Алай ФАП |
| 6 | Жаңы-Базар | 25.10.2023 | С. Зулунова<br>Н. Ташбаев<br>А. Токторбаев | Маданият үйү |

**Жооптуу катчы** **М. Маматов**

**Н.Исанов атындагы айыдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 5-отурумунун (сессиясы) 3-октябрындагы №5-3 токтомуна №3 тиркеме**

**Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын курултайынын УШК ларда өкүлдөрдүн саны**

| К№ | Айылдардын аталыштары | Калкынын саны | Өкүлдөрдүн саны |
|---|---|---|---|
| 1. | Кожоке | 5382 | 50 |
| 2. | К-Кожоке, Карабаш | 5842 | 50 |
| 3. | Чеч-Дөбө | 3577 | 40 |
| 4 | Жар-Коргон | 4348 | 40 |
| 5 | Кичик-Алай | 284 | 2 |
| 6 | Жаңы-Базар | 2662 | 20 |
| 7 | Жалпы | 22095 | 150/ 2 |

**Жооптуу катчы** **М. Маматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кенешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 5-4

**03.10.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“Админстративдик –аймактык реформанын 1 этабына даярдык көрүү үчүн региондорду өнүктүрүүнүн концепциясынын долбоорун талкууга коюу жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 Жарлыгына ылайык, Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын 2023-жылдын 3-октябрындагы №01-25/3347 сандуу чыгыш катына негиз, Н. Атакaнованын билдирүүсүнө негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 Жарлыгына ылайык, Ноокат райондук мамлекеттик админстрациясынын 2023-жылдын 3-октябрындагы №01-25/3347 сандуу чыгыш каты аткарууга алынсын.

2. Админстративдик–аймактык реформанын 1этабына даярдык көрүү үчүн региондорду өнүктүрүүнүн концепциясынын долбооруна “каршы эместиги” белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 Жарлыгын мыйзам чегинде аткаруу айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «Мыйзамдуулук, укук, депутаттык этика, коомдук тартип боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 5-5

**03.10.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**”Ардактуу атуул” наамын берүү жөнүндө” Жобону бекитүү тууралуу”**

Н. Исанов атындагы айыл аймагынын мамлекетти жана демократиялуу коомду, элдин биримдигин коргоп чыңоодогу, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана рухий потенциялын арттыруудагы салымын, элдин алдындагы коомдук гуманитарлык, кайрымдуулук жана башка иштердин түрүндө сиңирген эмгегин таануу менен Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы №157 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Чеч-Дөбө айылынын депутаты Ж. Нурмаматовдун **”Ардактуу атуул” наамын берүү жөнүндө” Жобону бекитүү тууралуу сунушуна** негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы №157 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Чеч-Дөбө айылынын депутаты Ж. Нурмаматовдун сунушуна негиз, ”Ардактуу атуул” наамын берүү жөнүндө” Жобону бекитүү колго алынсын.

2. Н. Исанов атындагы айыл аймагынын мамлекетти жана демократиялуу коомду , элдин биримдигин коргоп чыңоодогу, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана рухий потенциялын арттыруудагы салымын, элдин алдындагы коомдук гуманитарлык, кайрымдуулук жана башка иштердин түрүндө сиңирген эмгегин таануу менен , ”Ардактуу атуул” наамын берүү жөнүндө” Жобого негиз, иш жүзүнө ашырылсын. Жобо тиркелет.

3. Н. Исанов атындагы айыл аймагынын ”Ардактуу атуул” наамын берүү үчүн керектүү документтерин даярдап тапшыруу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «социалдык-маданий, билим берүү, миграция, туризм, жаштар жана саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУНУН**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br><br>**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**<br>**Н.ИСАНОВА** |

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 5-6**

**03.10.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“ Жаңы-Базар айылынын борборундагы 6500 чарчы метр жер тилкедеги “Жаңы-Базар” мечитинин ичинен 350 м2 жер тикесине жаңыдан заманбап мечит курууга макулдук берүү жөнүндө”**

Н. Исанов атындагы айыл аймагынын Жаңы-Базар айылынын борборундагы 6500 чарчы метр жер тилкедеги “Жаңы-Базар” мечитинин ичинен 350 м2 жер тикесине жаңыдан заманбап мечит куруу жөнүндө А. Таникуловдун билдирүүсүнө негиз**,** айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик админстрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Жаңы-Базар айылынын борборундагы 6500 чарчы метр жер тилкесиндеги “Жаңы-Базар” мечитинин аймагынын ичинен 350 м2 жерге жаңыдан заманбап мечит курууга макулдук берилсин.

2. Жаңы-Базар айылынын борборундагы 6500 чарчы метр жер тилкесиндеги “Жаңы-Базар” мечитинин ичинен жаңыдан заманбап мечит куруу үчүн берилген 350 м2 жер тикесине юридикалык иш кагаздарын даярдоо Ноокат шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан, “Жер ресурстары” кызматынын Ноокат филиалынан каттоого алуу айыл өкмөтү тарабынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**

**кезектеги 5 - отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 5-7**

**3.10. 2023-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**“ Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бюджетин жана 2024-2025-жылдарга бюджетинин болжолун бекитүү жөнүндөгү токтомго өзгүртүү киргизүү жөнүндө”**

Айыл өкмөтү 2023-жылдагы бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 70911 бөлүмүнүн 3111 беренесинде Пакиза балдар бакчасынын ичине санузел куруу үчүн 200,0 миң сом акча каражаты карлган эле, бирок берене туура келбей калгандыгына байланыштуу башка беренге жылдырууну тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда депутаттардын Н.Исанов атындагы айлдык кеңешинин « Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк » боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, иштелип чыгылгандыктан. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренелеринин негизинде депутаттардын Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши карап чыгып

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023- жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 70911 бөлүмүнүн 3111 беренесинде Пакиза балдар бакчасынын ичине санузел куруу үчүн каралган 200,0 миң сом акча каражатын ушул эле бөлүмдүн 3112 беренесине жылдырылып, чыгымдоого макулдук берилсин.

2. Жогорудагы 200,0 миң сом акча каражатын жылдыруу айыл өкмөттүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына сунушталсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы депуттардын Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин « экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Н. Жолдошов**.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУНУН<br>НООКАТ РАЙОНУ<br><br>Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ<br>Н.ИСАНОВА** |

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**

**кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 5-8**

**03.10. 2023** **Жаңы-Базар айылы**

**«Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Жаңы-Базар айылынын борборундагы Улуу Ата Мекендик согуштун катышучуларына арналган эстелик аянтчасына толук брондолгон гусеницалуу аскер машинасын орнотууга макулдук берүү жөнүндө»**

Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023- жылдын 02-октябрындагы № 01-19/ 1006 сандуу катына, М. Примкуловтун билдирүүсүнө негиз, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш пикирлерин угуп, талкуулап, Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023- жылдын 02- октябрындагы № 01-19/ 1006 сандуу сураныч каты канааттандырылсын.

2. Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Жаңы-Базар айылынын борборундагы Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына арналган эстелик аянтчасына толук брондолгон гусеницалуу аскер машинасын орнотууга макулдук берилсин.

3. Тиешелүү мекемелерден юридикалык иш кагаздарын даярдап, жер ажыратып, корсотуп берүү жагы Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу» боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М.Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 5-отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 5-9**

**03.10.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“Кожоке айылынын М. Кармышаков атындагы көчөнү жарыктандыруу, жолун оңдоо жөнүндө»**

Н. Исанов атындагы айыл аймагынын Кожоке айылындагы М. Кармышаков атындагы көчөнүн жолун оңдоп, жарыктандыруу жөнүндө Жер боюнча туруктуу комиссиянын 2023-жылдын 2-октябрындагы протоколуна жана элдик жыйындын сунушуна негиз**,** айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик админстрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 27,51-беренесине ылайык, Кожоке айылынын М. Кармышаков атындагы көчөнү жарыктандыруу, жолун оңдоо жөнүндө Жер боюнча туруктуу комиссиянын 2023-жылдын 2-октябрындагы протоколуна жана элдик жыйындын сунушуна ылайык, макулдук берилсин.

2. Кожоке айылынын М. Кармышаков атындагы көчөнү жарыктандыруу, жолун оңдоо боюнча долбоордук сметасын түзүп, тиешелүү мекемелерден юридикалык иш кагаздарын алып, АПЗ, ИПЗ даярдоо үчүн Ноокат шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан , каттоого алуу жагы “Жер ресурстар” кызматынын Ноокат филиалынын башкармалыгынан айыл өкмөтү тарабынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУНУН**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br><br>**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**<br>**Н.ИСАНОВА** |

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 5- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 5-10

**03.10.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“Н.Исанов айыл аймагына караштуу Жар-Коргон айылына бала-бакча салуу үчүн №421 контурундагы О.Кулушов көчөсүнүн түштүк тарабындагы 0,96га айыл чарба багытындагы жер тилкесин “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө”**

Н . Исанов атындагы айыл аймагына караштуу Жар-Коргон айылынын тургундарынын жыйынынын протоколуна, Н. Исанов айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-октябрындагы № 01-19/1040 сураныч катына негиз, "Н. Исанов айыл аймагына караштуу Жар-Коргон айылындагы №421 контурундагы О. Кулушов көчөсүнүн түштүк тарабындагы 0, 96 га айыл чарба багытындагы жер тилкесин, "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө " айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н. Исанов атындагы айылдык кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын "Жер Кодексинин" 12, 15-беренесине, 2013-жылдын 15-июлдагы Кыргыз Республикасынын №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо жөнүндөгү) Мыйзамынын 7,12-беренесинин 9-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү Жобого ылайык Жар-Коргон айылынын №421 контурундагы 0, 96 га айыл чарба багытындагы жер тилкесин. "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан Өнөр жайынын, транспорттун. байланыштын, энергетиканын , коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) учурдагы ижарага иштетип жаткан адамдар менен ижара келишимин токтоткондон соң, макулдук берилсин.

2. Жар-Коргон айылынын №421 контурдагы О. Кулушов көчөсүнүн түштүк тарабындагы 0, 96 га айыл чарба багытындагы жер тилкесин, "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) иш кагаздарын даярдап, райондук комиссияга сунуштоо Жер боюнча башкы адис М. Маликовго милдеттендирилсин.

3. Жар-Коргон айылынын №421 контурундагы О. Кулушов көчөсүнүн түштүк тарабындагы 0, 96 га айыл чарба багытындагы жер тилкесинин , 0,60 га жер тилкесине 75 орундуу бала бакча , 0,15 га жерге музыкалык мектеп 0,21 га муниципалдык спорт аянтчасы багытына өзгөртүүгө макулдук берилсин. Аталган жер тилкесинин юридикалык иш кагаздарын даярдоо Ноокат шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан, "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ноокат филиалынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча Туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**